Алыстап кетти арабыз,
Тереңде сүзгөн балыктай.

Таарынычтар айтылып,
Өткөндүн баары эстелээр.
Айыктырат өткөн күн,
Жолуга турган кез келээр.

БҮГҮН МАЙРАМ – 23-ФЕВРАЛЬ!

Коргойт деп Совет өлкөсүн,
Армияны түзгөн күн.
Тиш кайраган душмандар,
Үмүттөрүн үзгөн күн.

Асманын да кайтарып,
Суу астын да кайтарып,
Кургакта чек арага,
Куралды сактап жай салып.

Ракета, танка, самолёт,
Бербеди жардам немиске.
«Катюша» менен аткылап,
Армия жетти Жеңишке.

Үйүнө чейин кубалап,
Берлинге киргизди.
Ким экенин Кызыл Армия,
Бүт дүйнөгө билгизди.

Бүткүл дүйнө элдери,
Согушсуз күнгө үндөсүн.
Өстүрүп бала-чакасын,
Согушсуз күндө гүлдөсүн!

МИҢ КЫЯЛ

Бир кыялым нурдай болуп чачырап,
Бир кыялым гүлдөй болуп ачылат.
Бир кыялым туюк болуп күңүрттөп,
Көлөкөлөп, күндүн нурун жашырат.

Бир кыялым учкун болуп чачылат,
Бир кыялым вулкан болуп атылат.
Бир кыялым сүңгүп кирип тереңге,
Балык болуп, суу түбүнө жашынат.

Бир кыялым сөз таба албай жазганга,
Бүркүт болуп көтөрүлөт асманга.
Сенин гана жылуу, жумшак кыялың,
Ойдон кетпейт отурсам да, жатсам да.

Жолугушуп, сүйлөшкөндө сеземин,
Кыялыңдын өтө назик экенин.
Миң кыялдуу жүрөктөрдү оорутпа,
Өрдөйлүчү бул жашоонун өзөнүн.

АР-НАМЫС БОЛСУН ЭЛИМДЕ!

Кыргыздар кыргыз деген улут болуп,
Жүрүшкөн көчүп-конуп, булут болуп.
Ар-намысы болбосо кыргыздардын,
Кетишмек аты чыкпай "курут" болуп.

Намыс деген – бул улуттун өзөгү,
Намыс болсо, гүлдөп турат өзөнү.
Ар-намысты бийик туткан адамды,
Туу кылышып кармап турат өз эли.